Утверждено
постановлением Правительства
Кыргызской Республики
от 3 февраля 2004 года N 53

# ПОЛОЖЕНИЕ
## о государственных образовательных стандартах профессионального образования в Кыргызской Республике

1. Положение о государственных образовательных стандартах профессионального образования в Кыргызской Республике определяет назначение, содержание, порядок разработки, использования и внедрения государственных образовательных стандартов среднего профессионального, высшего профессионального, послевузовского и дополнительного профессионального образования в Кыргызской Республике (далее - государственные образовательные стандарты).

2. Государственные образовательные стандарты предназначены для:

- обеспечения высококачественного среднего, высшего, послевузовского и дополнительного профессионального образования;
- обеспечения единства содержания образования, получаемого в разных образовательных организациях (далее - учебные заведения);
- обеспечения условий для признания документа об образовании Кыргызской Республики и иностранных государств;
- объективной оценки деятельности образовательных организаций, реализующих профессиональные образовательные программы среднего, высшего, послевузовского и дополнительного профессионального образования.

Государственными образовательными стандартами руководствуются министерства, административные ведомства, государственные организации, учреждения, предприятия при приеме па работу выпускников высших и средних профессиональных учебных заведений, а также лица, желающие повысить свой уровень образования.

3. Государственные образовательные стандарты определяют:

- обязательный минимум содержания основных образовательных программ профессионального образования;
- максимальный объем учебной нагрузки обучающихся;
- требования к уровню подготовки выпускников;
- требования к условиям реализации основных образовательных программ профессионального образования, итоговой аттестации выпускников, условиям приема на каждый уровень профессионального образования;
- сроки освоения профессиональных образовательных программ;
- границы компетентности органов государственного управления образования и учебными заведениями профессионального образования в определении содержания образования и их объемов, то есть обязательного общегосударственного компонент содержания образования и компонента, определяемого учебными заведениями самостоятельно.

4. Государственные образовательные стандарты устанавливаются для всех уровней профессионального образования, специальностям и направлениям.

5. Государственные образовательные стандарты по направлениям и специальностям разрабатываются Министерством образования и культуры Кыргызской Республики и утверждаются в установленном порядке.

6. Обязательный общегосударственный компонент содержания профессиональных образовательных программ среднего и высшего профессионального образования составляет не более 80 и не менее 60 процентов от общей трудоемкости их освоения.

Обязательный общегосударственный компонент содержания профессиональных образовательных программ магистерской подготовки составляет 25-35 процентов общей трудоемкости их освоения.

Обязательные общегосударственные компоненты профессиональных обра-

зовательных программ послевузовской подготовки устанавливаются Министерством образования и культуры совместно с Национальной аттестационной комиссией при Правительств Кыргызской Республики.

Вузовские компоненты государственных образовательных стандартов отражают особенности подготовки специалистов в учебных заведениях и обеспечивают возможность формирования профессиональных образовательных программ с учетом интересом обучающихся и заказчиков, спроса на специалистов на рынке труда.

7. **Государственные образовательные стандарты являются основными нормативными документами для разработки профессиональных образовательных программ, механизмов и критериев объективного контроля качества образования, обеспечиваемого учебными заведениями, проведения итоговой аттестации выпускников, а также государственной аккредитации (аттестации) учебных заведений профессионального образования, их структурных подразделений и образовательных программ.**

8. Выполнение образовательными организациями требований государственных образовательных стандартов, подтвержденное государственной аккредитацией (аттестацией) учебных заведений профессионального образования, дает им право присваивать лицам, освоившим профессиональные образовательные программы и выдержавшим государственную аттестацию, квалификации по специальностям и (или) академические степени по направлениям, а также выдачу выпускникам документов об образовании государственного образца.

9. **Выполнение требований государственных образовательных стандартов является обязательным для учебных заведений всех видов и форм собственности.**

За несоблюдение требований государственных образовательных стандартов учебные заведения профессионального образования несут в установленном порядке ответственность в форме: снижения статуса учебных заведений профессионального образования, лишения права на присвоение квалификации или академической степени по отдельным или всем специальностям или направлениям, соответственно, вплоть до лишения права на образовательную деятельность. Форма ответственности учебных заведений устанавливается в процессе их государственных аккредитаций (аттестаций).

**В целях введения инвариантности профессиональных образовательных программ для подготовки специалистов с учетом мировой практики, проведения эксперимента по совершенствованию организации учебного процесса и содержания образования, Министерство образования и культуры Кыргызской Республики может утверждать индивидуальные профессиональные образовательные программы учебных заведении вне требований государственных образовательных стандартов, которые в этих случаях получают статус государственных стандартов, и при их выполнении данные учебные заведения имеют право выдавать документы об образовании государственного образца.**

10. Контроль за соблюдением государственных образовательных стандартов образовательными организациями независимо от их организационно-правовых форм возлагается на Министерство образования и культуры Кыргызской Республики.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн
2004-жылдын 3-февралындагы
N 53 токтому менен бекитилген

# Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жөнүндө ЖОБО

1. Кыргыз Республикасында кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары жөнүндөгү Жобо Кыргыз Республикасында кесиптик орто, кесиптик жогорку, жогорку окуу жайынан (мындан ары - жождон) кийинки кесиптик кошумча билим берүүнүн максат-милдетин, мазмунун иштеп чыгуунун, мамлекеттик билим стандарттарын пайдалануунун жана аларды ишке киргизүүнүн тартибин аныктаган (мындан ары - билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары).

2. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары:

- жогорку сапаттагы кесиптик орто, кесиптик жогорку, жождон кийинки жана кесиптик кошумча билим берүүнү;
- ар түрдүү билим берүү уюмдарында (мындан ары - окуу жайлар) алынуучу билим мазмунунун бирдиктүүлүгүн;

Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн билим жөнүндөгү документтерин таануу үчүн тийиштүү шарттарды түзүүнү;

- кесиптик орто, кесиптик жогорку жана жождон кийинки билим берүүнүн программаларын жүзөгө ашырып жатышкан билим берүү уюмдарынын иш-аракеттерин объективдүү баалоону камсыз кылууга багытталган.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарын министрликтер, административдик ведомстволор, мамлекеттик органдар, мекемелер, кесиптик жогорку жана кесиптик орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн кызматка алып жаткан учурда ишканалар, ошондой эле билим дэңгээлин жогорулатууну каалаган адамдар колдонмо катарында пайдаланышат.

3.Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары:

- кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларынын милдеттүү минимумун;
- окуп жаткандардын милдеттүү окуу иштеринин максималдуу көлөмүн;
- бүтүрүүчүнүн даярдык деңгээлине коюлуучу талаптарды;
- кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүүчү программаларын ишке ашыруунун, бүтүрүүчүлөрдү жыйынтыктоочу аттестациялоосунун, кесиптик билим берүүнүн ар бир деңгээлине кабыл алуунун шарттары;
- кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн мөөнөттөрүн;
- билим берүүнүн мазмуну менен анын өлчөмүн, же болбосо, билим берүүнүн мазмунунун милдеттүү түрдөгү жалпы мамлекеттик компоненттерин жана кесиптик билим берүүчү окуу жайлары тарабынан өз алдынча аныкталуучу компонентерди аныктоодо билим берүүнү башкаруунун мамлекеттик органдары менен кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын компетенттүүлүгүнүн чегин аныктайт.

4. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары кесиптик билим берүүнүн бардык деңгээлдерине, адистиктерге жана багыттарга белгиленет.

5. Багыттар менен адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү стандарттары Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги тарабынан иштелип чыгат да, белгиленген тартипте бекитилет.

6. Кесиптик орто жана кесиптик жогорку билим берүү программаларынын мазмунунун милдеттүү түрдөгү жалпы мамлекеттик компоненти аларды өздөштүрүү үчүн талап кылынуучу жалпы эмгектин 6Одан кем эмес жана 80ден ашык эмес пайызын түзөт.

Магистрлерди даярдоонун кесиптик билим берүү программаларынын мазмунунун милдеттүү түрдөгү жалпы мамлекеттик компоненти аларды өздөштүрүүгө талап кылуучу жалпы эмгектин 25-35 пайызын түзөт.

Жождон кийинкн даярдоонун кесиптик билим берүү программаларынын милдеттүү түрдөгү жалпы мамлекеттик компоненти Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Улуттук аттестациялоо комиссиясы менен бирдикте белгиленет.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарындагы жождун компоненттери окуу жайларында адистерди даярдоонун өзгөчөлүктөрүн чагылдырып, окугандар менен заказчылардын кызыкчылыктарын жана эмгек рынокторунда адистерге болгон керектөөлөрүн эске алуу менен кесиптик билим берүү программаларын калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылышат.

7. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары окуу жайлар тарабынан камсыз кылынуучу билим берүүнүн сапатын объективдүү көзөмөлдөөнүн критерийлери менен механизмдерин, бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестациялоону жүргүзүүнүн, кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуунун,ошондой эле кесиптик билим берүүчү окуу жайларды, алардын структуралык бөлүмдөрүн жана билим берүү программаларын мамлекеттик аккредитациялоонун (аттестациялоону) ченемдик негизги документ болуп эсептелет.

8. Кесиптик билим берүү окуу жайларын мамлекеттик аккредитациялоодо (аттестациялоодо) таксыкталган билим берүүнү мамлекеттик стандарттарынын талаптарын билим берүү уюмдары тарабынан аткарылышы аларга кесиптик билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүрүп, мамлекеттик аттестациялоодон өткөндөргө адистиктер менен багыттар боюнча квалификация же академиялык даража, ошондой эле бүтүрүүчүлөргө билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтерди ыйгарууга (берүүгө) укук берет.

9. Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын койгон талаптарын аткаруу менчиктин түрүнө жана формасына карабастан, бардык окуу жайлары үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарын сактабагандыгы үчүн: кесиптик билим берүүчү окуу жайлардын беделин төмөндөтүү, айрым же бардык адистиктер жана багыттар боюнча квалификацияларды же академиялык даражаларды ыйгаруу укугунан ажыратуу, ошондой эле белгиленген тартипте билим берүү ишинен биротоло ажыратууга чейинки формада жоопко тартылат. Окуу жайларынын жоопкерчилик формасы аларды мамлекеттик аккредитациялоо (аттестациялоо) процессинде белгиленет.

**Окуу процессин уюштурууну жана билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүү боюнча эксперимент жүргүзүү, дүйнөлүк практиканы эске алуу менен бирге адистерди даярдоо үчүн кесиптик билим берүү программаларына шариаттуулукту киргизүү максатында, Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлиги билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарынан тышкары окуу жайларына жеке (индивидуалдуу) кесиптик билим берүү программаларын бекитип бере алат, мындай учурда алар мамлекеттик стандарттардын беделине (статусуна) жана аларды аткарган окуу жайы билим жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдө документ берүүгө укуктуу болот.**

10. Уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан билим берүү уюмдары тарабынан билим берүүнү мамлекеттик стандарттарынын сакталышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Билим жана маданият министрлигине жүктөлөт.